КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН
БИЛИМ БЕРҮҮ ЖАНА ИЛИМ
МИНИСТРЛИГИ

# НУРЛАН РАХМАНОВ АТЫНДАГЫ ОРТО МЕКТЕБИ

**Кайрылуучу адам:** Н.Рахманов атындагы орто мектебинин директору

Мамырканова Г.К.

**Дареги:** Күнтуу айыл аймагы, Чоң-Жар айылы, Н.Рахманов атындагы орто мектеби

**Телефон номери:** 0709 517 716

## ПРЕСС-РЕЛИЗ

## МЕКТЕП БЮДЖЕТИ БОЮНЧА КООМДУК УГУУ

Урматтуу Н.Рахманов атындагы орто мектебинин окуучулардын ата-энелери, айыл өкмөт кызматкерлери, массалык маалымат каражат өкүлдөрү, райондук билим берүү бөлүмүнүн кызматкерлери жана башка баардык кызыкдар жактарды **2022-ж. 5-апрель күнү саат 11:00дө** Кунтуу айыл аймагындагы Чоң-Жар айылынын Н.Рахманов атындагы орто мектептин имаратында болуучу мектептин бюджети тууралуу коомдук угууга чакырабыз.

Бул мектепте коомдук угуу үчүнчү жолу уюшулуп жатат. Коомдук угуу учурунда мектептин бюджети талкууланат.

Коомдук угууда маанилүү маселелерди ачык талкулоо менен биз аларды тез аранын ичинде, эффективдүү, ачык-айкын жана туура чечилүүсүнө жол ачат. Биздин уюштуруп жаткан угууга катышуу активдүү болот деп ишенебиз. Окуучулардын ата-энелери менен иштөөнүн ушундай ыкмасы бизге алардын муктаждыктарын жана каалолорун жакшыраак түшүнүүгө, биздин иш-чараларды колдоого мүмкүндүк берет деп ойлойбуз.

Коомдук угуу учурунда угуунун күн тартиби, угуунун эрежелери, мектеп жана мектептин бюджети жөнүндө кыскача баян таркатылып берилет.

| **Убагы** | **Иш чара** | **Жооптуу** |
|---|---|---|
| 11.00-11.20 | Коомдук угуунун катышуучуларын каттоо, угуунун материалдарын таркатуу. | Жаманкулова С. |
| 11.20-11.30 | Иш чаранын ачылышы. Кириш сөз, коомдук угуунун максаты, эрежелери, күн тартиби, анкеталар жөнүндө түшүнүк. | Дюшенбаева С.Э |
| 11:30-11:35 | Мектеп жөнүндө маалымат | Намазбекова А.Б. |
| 11:35-11:50 | Н.Рахманов атындагы орто мектебинин бюджети боюнча маалымат. Презентация “Мектептин бюджети” | Мамырканова Г.К. |
| 11:50-12:20 | Мектептин бюджети боюнча сунуштар, суроолор жана талкуулоолор жана жыйынтык чыгаруу. | Мамырканова Г.К. |
| 12:20-12:30 | Анкеталарды толтуруу, коомдук угууну жыйынтыктоо. Иш чараны аяктоо | Дюшенбаева С.Э. |

**Келип катышып, өз сунушуңуздарды берип суроолоруңуздарга жооп алып кеткиле!!!**

**Коомдук угуунун күн тартиби**

**Коомдук угуунун (КУ) максаты**: Н.Рахманов атындагы орто мектептин бюджети жөнүндө маалымат берүү жана талкуу жүргүзүү.

Өтүүчү жери: Н.Рахманов атындагы орто мектебинин имараты

Өтүүчү күнү: 5-апрель 2022-жыл

| **Убагы** | **Иш чара** | **Жооптуу** |
|---|---|---|
| 11.00-11.20 | Коомдук угуунун катышуучуларын каттоо, угуунун материалдарын таркатуу. | Жаманкулова С. |
| 11.20-11.30 | Иш чаранын ачылышы. Кириш сөз, коомдук угуунун максаты, эрежелери, күн тартиби, анкеталар жөнүндө түшүнүк. | Дюшенбаева С.Э |
| 11:30-11:35 | Мектеп жөнүндө маалымат | Намазбекова А.Б. |
| 11:35-11:50 | Н.Рахманов атындагы орто мектебинин бюджети боюнча маалымат. Презентация “Мектептин бюджети” | Мамырканова Г.К. |
| 11:50-12:20 | Мектептин бюджети боюнча сунуштар, суроолор жана талкуулоолор жана жыйынтык чыгаруу. | Мамырканова Г.К. |
| 12:20-12:30 | Анкеталарды толтуруу, коомдук угууну жыйынтыктоо. Иш чараны аяктоо | Дюшенбаева С.Э. |

# Коомдук угуунун эрежелери

**Каттоо саат 11.00дө.** Өз убагында келгиле жана таратылуучу материалдарды алгыла. Залга кирип бош орундарды биринен орун алгыла.

**Сөз айтылып жатканда тынч отургула.** Сөз айтып жаткан өзүңөрдүн жердештериңерди сыйлагыла. Тема кыйын жана алар толкунданып жатат.

**Регламентти сактагыла.** Эгерде коомдук иш чаралардын башында сөз айтуучуларга үч же беш минутадан көп эмес убакыт берилсин деп чечилсе, кошумча убакытты албагыла, сүйлөйүн дегендер көп.

**Тема боюнча сүйлөгүлө.** Тема жөнүндө гана сүйлөш керек. Берилген суроолор жана айтылуучу сөз коомдук иш чаралардын темасы жөнүндө болуш керек.

**Сунуштар жөнүндө алдын-ала айткыла.** Эгерде сиздер көйгөйдү чечүү ыкмасын билсеңер, анда коомдук иш чараны уюштургандар менен алдын-ала сиздерге сөз берсин деп макулдашып койгула.

**Уюлдук телефондорду өчүргүлө.** Коомдук угуу учурунда уюлдук телефондорду үнсүз режимге койгула. Ал сүйлөп жаткан адамдын оюн бөлөт.

**Сунушуңарды жазгыла.** Эгерде сиздерде жакшы сунуш болсо алдын-ала жазып койгула жана протокол жазган кишиге бергиле.

**Урматтуу ата-энелер, мугалимдер, окуучулар!**
**Сиздерди Н.Рахманов атындагы орто мектебинин 2021-2022-окуу жылындагы бюджети тууралуу отчет жана 2022-2023- окуу жылга карата иш планын талкуулоо боюнча өткөрүлө турган ЖЫЙЫНГА чакырабыз!**

***Өтүүчү жайы: Н.Рахманов мектеби***
***Өтүлүүчү күнү: 5-апрель 2022-жыл***
***Сааты: 11.00***

Schweizerische Eidgenossenschaft
Confédération suisse
Confederazione Svizzera
Confederaziun svizra

Embassy of Switzerland in the Kyrgyz Republic
Кыргыз Республикасындагы Швейцариянын Элчилиги
Посольство Швейцарии в Кыргызской Республике

ӨНҮКТҮРҮҮ САЯСАТ ИНСТИТУТУ
ИНСТИТУТ ПОЛИТИКИ РАЗВИТИЯ
DEVELOPMENT POLICY INSTITUTE

GLOBAL MONEY WEEK

**Проект «Голос граждан и подотчетность органов МСУ: бюджетный процесс»**
720001, г. Бишкек, ул. Уметалиева, 108. Тел. (0312) 97-65-30 (31, 32). Факс: 97-65-29. Вебсайт: www.vap.kg

**Сунуштардын жана пикирлердин бланкы**

**Кыргызстандагы GlobalMoneyWeek-2022 катышуучулары**

Область: Чүй
Мектеп: Н.Рахманов атындагы орто мектеп
Иш чара: мектептин бюджети боюнча коомдук угуу
Өткөрүү күнү жана убакыты: 5-апрель 2022-жыл саат 11

| № | Катышуучунун аты-жөнү | Байланыш маалыматтары | пикирлер/суроолор/сунуштар |
|---|---|---|---|
| 1 | **Ата-эне: Жаманкулова Айгүл** | 0556 076 022 | Акча жумалыгына карата мектепте коомдук угуу болуп өттү. Бул жыйында мектеп администрациясы катышуучуларга “Мектептин бюджети” тууралуу уктуруу жасады. Көп маалыматтарды уктук. Ар бир ата-эне мектептин акчасынын туура бөлүштүрүлүп жатканы жөнүндө маалымат алышты.<br>Менин сунушум: ата-энелер тарабынан , айыл депутаттары , айылдын чыгаан азаматтары тарабынан мектепке колдоолор, тыгыз байланыштар болуп турса. Анткени мектеп бул колдоолорго муктаж экендиги анык. Ал эми окуучуларга мындан ары да акча жөнүндө кызыктуу сабактар, билдирүүлөр, көбүнчө көрсөтмөлүү сабактар өтүлүп турса, балдарга көп керектүү маалыматтар берилмек.<br>Пикирим: бул жумалык жылда кайталанып турса, абдан жакшы болмок. Балдарга өтө кызыктуу болуп жатты. Мектептен бюджет тууралуу угуп келишип, үй бүлөлүк бюджеттин туура сарпталышын көзөмөлдөп калышты. Акча жумалыгын уюштуруучуларына ырахмат. |
| 2 | **Ата-эне: Рысбаев Талант** | 0771 905 162 | Болуп өткөн коомдук угуу мектеп бюджетинин ачык айкын колдонулуп жаткандыгын далилдеди.Себеби: мектептин бир жылда чогултулуп, түзүлгөн каражаттар өз орду менен пайдаланылган.<br>Биз ата-энелер мектептин бюджетиндеги каражаттар өз орду менен жеткиликтүү пайдаланып келгендигине канааттандык. УчурдагыРеспубликалык бюджеттин тартыштыгына байланыштуу, мектепти сактап калуу, өнүктүрүү максатында колунда бар ата-энелерден демөөрчүлөрдү (спонсорлорду) мектепке каржы жагынан жардам берүүгө чакырам. Мүмкүнчүлүк болсо мектепке каржылык колдоо көрсөткөн келечек муунду тарбиялаган мектебибиздин базасы мындан да чыңдала берет. Коомдук угуу жогорку деңгээлде өттү. |

| | | | |
|---|---|---|---|
| | **Ата-эне: Жумалиева Элмира** | 0704 190 358 | Бул коомдук угууда быйылкы окуу жылында Кунтуу айыл өкмөтү мектепке абдан жакшы жардам бериптир. Былтыркы коомдук угууда мектептин ичине суу киргизилип берилсин деп сунуш кылдык элек, мына быйыл мектептин ичине суу киргизип, аристон да коюп бериптир. Жаны идиш-аяк алып бериптир. Айыл өкмөтүнө ырахмат биздин сунушту аткарыптыр. |
| | **Жергиликтүү кенештин депутаты: Дөрбөнов Чыныбек** | 0558 727268 | Мектептин бюджети туура бөлүштүрүлүп, аткарылгандыгын уктук. Коомдук угуу өз деңгээлинде жакшы өттү. Кунтуу айыл өкмөтүнүн бюджетин бөлүштүрүүдө бүгүнкү айтылган көйгөйлөрдү чечүү үчүн каражаттарды карайбыз. Андан тышкары да мектепке өзүбүздүн атыбыздан компьютер алып беребиз. Айылдын колунда бар азаматтарын да мектепке демөөрчүлүк кылууга чакырабыз. |
| | **Ата-эне Турсунова Зарима** | 0701920026 | Бүгүнкү берилген отчет  абдан жакшы түзүлгөн, бюллетендерди даярдап  таратып бергени туура болду. Угуулар жогорку деңгээлде өттү. Кийинки окуу жылынын бюджетине менин да сунушум бар, мектеп менен ашкананын ортосуна навес койдуруп берсе жакшы болмок. Кийинки бюджетти түзүүдө ушуну эске алсаңар. |
| | **Ата-эне: Карагойлиева Айнура** | 0551 015 674 | Мындай угуулар сөзсүз керек.Угууларга коомчулукту, ЖӨБнун аймактык органдарынын өкүлдөрүнүн, айылдык кеңештин депутаттарын келгени абдан жакшы болду. Мектептин проблемаларын угуп жардам берет деген үмүттөбүз. |
| | **8-кл окуучусу Асымбеков Эсенбек** | - | Мектептин бюджети тууралуу коомдук угууда да окуучулар өз ойлорубузду айттык. Мектептин бюджетин эсептөөгө катыштым. Биздин сунуш мектептин спорт аянчасына керектүү шаймандарды орнотсок. Мисалы: турник, брус.  Андан тышкары мага бул апталыкта өткөн иш-чаралар абдан жакты, себеби, чынын айтсам биз буга чейинки каржы сабаттуулугубуз абдан эле төмөн болчу экен. 3 жылдан бери өтүп жаткан иш чарага башынан баштап катыштым, өзүм үчүн көп тармактуу, ар тараптуу маалыматтарды алдым. Келечекте алган маалыматтарымдын пайдасы тиерине ишенем. |
| | **11-класстын окуучусу Нурланова Элдана** | - | Мектептин бюджети тууралуу коомдук угууда да окуучулар өз ойлорубузду айттык. Мектептин бюджетин эсептөөгө катыштым. Биздин сунуш мектептин тегерегине гүлзарларды орнотууга керектүү каражаттарды алып беришсе жакшы болмок. Мектептеги иш чаралардан кийин мен өз акчамды туура колдонууну чечтим. Өздүк бюджетимди дайыма эсепке алып, чыгашаларымды пландап, үй бүлөлүк бюджетти түзүүгө катышам жана финансылык чечимдерди кабыл алууда кылдат мамиле кылууну үйрөндүм. |

| | | | |
|---|---|---|---|
| | **9-кл окуучусу Айылчиева Дильназ** | - | Коомдук угууга окуучулардын да катышканы мага жакты. Ата-энебиз чогулткан акчалардын эсеп –кысабы толук бойдон айтылды. Окуучулар да өз ойлорун айтышты. Апталыктагы иш чаралар мага абдан жакты.Мен мындан кийин өз акчамдын эсебин жүргүзүп турам, акчага туура мамиле кылам, план тузүп алып ошого жетүү үчүн акча чогулта баштайм. Ушундай сабактар көп-көп болуп турса биздин финансылык сабаттуулугубуз артат эле.Ушундай темаларды апталыктан тышкары деле класстык сааттарда да өтүп туралы деп сунуштайт элем. |
| | **Мугалим: Осконова З.О** | 0551700721 | Бүгүнкү ачык-айкын берилген мектеп бюджетинин отчеттор абдан жакты. Мындан ары да мектептин бюджети боюнча коомдук угууларды сөзсүз өткөрүп туруу керек – бул ушак-айыңдарды, талаштарды жана жаңжалдарды алдын алуу үчүн зарыл. Өзгөчө көңүлдү ачыктыкка, маалыматтык билдирүүгө буруу керек. Анткени туура, жеткиликтүү,тең салмактуу жана өз убагында алынган маалымат –бул туура жана натыйжалуу чечимдерди кабыл алууга жардам берет. |
| | **Мугалим: Көчөрбаева Гулсия** | 0700 452 695 | Акча апталыгы алкагында “Мектептин бюджети” жөнүндө коомдук угууга катыштык. Коомдук угуу жакшы деңгээлде өттү. Мектептин бюджети тууралуу толук маалымат алдык. Айылдык депуттар да өз пикирлерин айтышты. Ата-энелерден сүйлөштү. |

Мектеп директору :                Мамырканова Г.К.

**Н.Рахманов атындагы орто мектебинин**

**бюджети боюнча коомдук угуунун протоколу**

**Коомдук угуунун өткөн күнү: 2022-жыл 5 апрель**

**Катышкандар: баары 128 адам.** Алардын ичинен 45 ата-эне, 61 окуучу, айылдык депутаттан 3 адам, Кунтуу айыл өкмөтүнөн 1 адам, мектеп администрациясы 4 адам , мугалимдер жамааты 14 адам

**Каралуучу маселелер:**

1. Н.Рахманов атындагы орто мектебинин 2021 -2022 о.ж. бюджети боюнча маалымат берүү.
2. Жаңы 2022-2023-окуу жылдын бюджетин талкулоо жана бекитүү.

**Сөз сүйлөгөндөр:**

1. **Тарбия иштеринин уюштуруучусу Дюшенбаева С.Э**: Иш чаранын ачылышын жазап, коомдук угуунун максаты, эрежелери, күн тартиби, анкеталар жөнүндө түшүнүк берди.

2. **Окуу –тарбия иштери боюнча директордун орун басары Намазбекова А.Б.** Мектеп боюнча маалымат берди: Мектепте бардык мугалимдердин саны 17 . Анын ичинен агайлар -2, эжейлер 15. Тех. Персонал- 5 адам. Окуучулардын саны: 239 окуучу. Мектеп 2 сменде окуйт. Окуу кабинеттер- 7, Тамак ичүүчү 1-4 класстардын саны -100 окуучу . Мектептин билим сапаты 41%.

3. **Мектептин директору Мамырканова Г.К**: Бүгүнкү коомдук угуу дүйнөлүк акча апталыгынын алкагында үчүнчү жолу уюшулуп жатат. Коомдук угуу учурунда мектептин 2021-жылдын бюджетин талкуулайбыз. Коомдук угууда маанилүү маселелерди ачык талкулоо менен биз аларды тез аранын ичинде, эффективдүү, ачык-айкын жана туура чечилүүсүнө жол ачат деп ойлойбуз. Биз уюштуруп жаткан угууга активдүү катышасыздар деп ишенебиз. Ата-энелери менен иштөөнүн ушундай ыкмасы бизге сиздердин муктаждыктарынды жана каалолорунарды жакшыраак түшүнүүгө, биздин иш-чараларды колдоого мүмкүндүк берет деп ойлойбуз. Сиздерге таркатылып берилген мектептин бюджети жөнүндө кыскача баян- бюллетенди көрдүңүздөр. Анда эмесе ошол жөнүндө слайдка көңүл бурсаңыздар. (слайд аркылуу мектептин бюджетин презентациялады)

**4. Ата-эне Рысбаев Т.К.:** Бул билдирүү мектеп бюджетинин ачык айкын колдонулуп жаткандыгын далилдеди.Себеби: мектептин бир жылда чогултулуп, түзүлгөн каражаттар өз орду менен пайдаланылган.
Мен ата-эне катары мектептин бюджетиндеги каражаттар өз орду менен жеткиликтүү пайдаланып келгендигине канааттандым. Учурдагы Республикалык бюджеттин тартыштыгына байланыштуу, мектепти сактап калуу, өнүктүрүү максатында колунда бар ата-энелерден демөөрчүлөрдү (спонсорлорду) мектепке каржы жагынан жардам берүүгө чакырам. Мүмкүнчүлүк болсо мектепке каржылык колдоо көрсөткөн келечек муунду

тарбиялаган мектебибиздин базасы мындан да чыңдала берет. Коомдук угуу жогорку деңгээлде өттү.

**5. Ата-эне Жаманкулова А.А.:** Акча жумалыгына карата мектепте коомдук угууга мен үчүнчү жолу катышып жатам. Мектеп администрациясынан мектептин бюджети тууралуу көп маалыматтарды уктук. Ар бир ата-эне мектептин акчасынын туура бөлүштүрүлүп жатканы жөнүндө маалымат алдык. Менин сунушум: ата-энелер тарабынан , айыл депутаттары , айылдын чыгаан азаматтары тарабынан мектепке колдоолор, тыгыз байланыштар болуп турса. Анткени мектеп бул колдоолорго муктаж экендиги анык. Ал эми окуучуларга мындан ары да акча жөнүндө кызыктуу сабактар, билдирүүлөр, көбүнчө көрсөтмөлүү сабактар өтүлүп турса, балдарга көп керектүү маалыматтар берилмек.

**6. Мугалим Осконова З.О.:** Бүгүнкү ачык-айкын берилген мектеп бюджетинин отчеттор абдан жакты. Мындан ары да мектептин бюджети боюнча коомдук угууларды сөзсүз өткөрүп туруу керек – бул ушак-айыңдарды, талаштарды жана жаңжалдарды алдын алуу үчүн зарыл. Өзгөчө көңүлдү ачыктыкка, маалыматтык билдирүүгө буруу керек. Анткени туура, жеткиликтүү,тең салмактуу жана өз убагында алынган маалымат –бул туура жана натыйжалуу чечимдерди кабыл алууга жардам берет. Кийинки окуу жылынын планына да менин сунушум бар мектептин 3 класс кабинетинин терезелери эскилиги жетип турат, форточкалары жок, абдан коопсуз абалда шалдырап турат. Ошондуктан кийинки окуу жылында терезелерди пластик терезелерге алмаштыруу керек деп ойлойм.

**5. Ата-энелер комитетинин төрагасы Акынбаев Т.Т. :** Бүгүнкү берилген отчет абдан жакшы түзүлгөн, бюллетендерди даярдап таратып бергени туура болду. Угуулар жогорку деңгээлде өттү. Кийинки окуу жылынын бюджетине менин да сунушум бар, Мектептин эшигинин алдына бир атайын чатырча (навес) курсак жакшы болмок. Мектептин чоң-чоң иш-чаралары актовый зал жок болгондуктан эшиктин алдында (плацта) өтөт.Ошондуктан ал жерге навес керек деп ойлойм. Анын бардык чыгымдарын эсептеп, кийинки бюджетти түзүүдө ушуну эске алсаңар. Бул жакта жергиликтүү депутаттар, айыл өкмөтүнүн кызматкери олтурат. Сиздер да жергиликтүү бюджетти бөлүштүрүүдө ушуну эске алып койсоңуздар.

**7. Ата-эне Карагойлиева А.:** Мындай угуулар сөзсүз керек.Угууларга коомчулукту, ЖӨБнун аймактык органдарынын өкүлдөрүнүн, айылдык кеңештин депутаттарын келгени абдан жакшы болду. Мектептин проблемаларын угуп жардам берет деген үмүттөбүз.

**8. 8- класстын окуучусу Качикеев Максат .:** Мектептин бюджети тууралуу коомдук угууда да окуучулар өз ойлорубузду айттып катышканыбыз эң туура деп ойлойм. Мен мектептин бюджетин эсептөөгө катыштым. Биздин сунуш мектептин спорт аянчасына керектүү шаймандарды орнотсок. Мисалы: турник, брус. Андан тышкары мага бул апталыкта өткөн иш-чаралар абдан жагып жатаит, себеби, чынын айтсам биз буга чейинки каржы сабаттуулугубуз абдан эле төмөн болчу экен. 3 жылдан бери өтүп жаткан иш чарага башынан баштап катыштым, өзүм үчүн көп тармактуу, ар тараптуу маалыматтарды алдым. Келечекте алган маалыматтарымдын пайдасы тиерине ишенем.

**9. ЖӨБнун аймактык органдарынын өкүлүТайгараева Э..:** Кунтуу айыл окмөтүнө караштуу 3 мектеп бар. Бул Н.Рахманов атындагы мектепке быйыл биз баары 436852 сом короттук анын ичинен электроэнергиясына эле 156 852 сом төлөндү. Андан тышкары ремонтко 209 968 сом, мектепке суу түтүгүн киргизүүгө 32000, мектептин ашканасына 10000 сомго идиш-аяк алып бердик, башка нерселерге 28032сом берилген. Быйылкы бюджетте дагы акчалар бөлүндү. Мындай коомдук угуулар мектептин бюджетин ачык-айкын талкулоого алып келип жатат.Бул эң жакшы көрүнүш. Бүгүнкү сунуштарды эске алабыз.

**10. Жергиликтүү кенештин депутаты Канымбеков А.:** Мектептин бюджети туура бөлүштүрүлүп, аткарылгандыгын уктук. Коомдук угуу өз деңгээлинде жакшы өттү. Кунтуу айыл өкмөтүнүн бюджетин бөлүштүрүүдө бүгүнкү айтылган көйгөйлөрдү чечүү үчүн каражаттарды карайбыз. Андан тышкары да мектепке өзүбүздүн атыбыздан компьютер алып беребиз. Айылдын колунда бар азаматтарын да мектепке демөөрчүлүк кылууга чакырабыз. Азыр мектептер ата-энелердин жардамы жок жашай албай калышты. Берип жаткан жардамыңарга чоң ырахмат. Биз да айылдын жаштарын уюштуруп, балдардын суранычын орундатып, мектепке компьютер жана мектептин спорт аянтчасына шаймандарды орнотуп бергенге аракет кылалы.

**Чечим:**

1. Балдардын мектептин спорт аянтчасына да каражат издеп таап, шаймандар орнотулсун.
2. Мектептин алдына чатырын ондоо жана мектеп менен ашкананын ортосуна чатырча (навес) орнотуу үчүн айыл өкмөтүнө кайрылуу жасалсын.
3. Мектептин фундаментин ондоо үчүн айыл өкмөтүнө кайрылуу жасалсын.
4. Демөөрчүлөрдү таап, мектепке компьютер алынсын.

Чогулуштун төрайымы: Мамырканова Г.К.

Чогулуштун катчысы: Дюшенбаева С.Э.